| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**<br>**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**<br>**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br>**БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**23.01.2023-ж. №4.** **Боо-Терек айылы.**

**2017-2018-2019-2020-2021-жж. Боо-Терек айыл өкмөтүнүн бюджетине түшпөй калган ижара акылар жөнүндө**

Боо-Терек айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлер жана Айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерин аукцион аркылуу утуп алып, көп жылдап ижара акыны төлөбөгөн жарандар боюнча маалыматтарды угуп, талкуулап, Боо-Терек айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Боо-Терек айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлер жана Айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерин аукцион аркылуу утуп алып, ижара акыны өз убагында төлөбөгөн жарандар менен талаш-тартыш маселелери жана ижара акыны өндүрүп алуу иш аракеттери сот органдары аркылуу тез арада ишке ашырылсын.
2. Ижара акысын өз убагында төлөбөгөн жарандар менен келишимдер бир тараптуу жокко чыгарылсын, ал жерлер инвентаризация кылынып кайрадан аукционго коюлсун.
3. Боо-Терек айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлер жана Айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерин аукцион аркылуу утуп алып, келишимдин талаптарын так аткарбаган атуулдар, ижара акыны өз учурунда төлөбөгөн жарандар мындан кийинки жерлерге болгон аукциондорго (карыздарын төлөп бүтүрмөйүнчө) катышуусуна бөгөт коюлсун.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жер, айыл чарба жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Мамыралиев**